**УДК 372. 882:82/821**

**КЫРБАШЕВА Р. Ж.**
Ж.Баласагын атын.КУУ, Бишкек

**KIRBASHEVA R.J.**
J. Balasagyn KNU Bishkek

# XI КЛАССТА РАЙМАЛЫ АГА МЕНЕН БЕГИМАЙ СУЛУУ ТУУРАЛУУ УЛАМЫШТЫ ОКУТУУ

Изучение легенды о Раймалы ага и Бегимай красавице в XI классе

Exploring the legend of Raymaly aga and Begimai beauty in the XI class

Макалада Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн романынан алынган Раймалы ага менен Бегимай сулуу тууралуу уламышты XI класста окутуу маселелери каралды. Материалдары толук иштелип чыкты, мектеп мугалимдеринин колдонуусуна сунушталды.

**Урунттуу сөздөр**: уламыш, көркөм компонент, көркөм кейипкер, идеалдуу каарман, билгичтик, педагогикалык чеберчилик.

В статье рассмотрены вопросы изучения легенды о Раймалы ага и Бегимай красавице, взятые из романа «И дольше века длится день» Ч.Айтматова в XI классе. Материалы полностью разработаны и рекомендованы к применению учителями школы

**Ключевые слова:** легенда, художественный компонент, художественный персонаж, идеальный герой, умение, педагогическое мастерство.

In article questions of studying of a legend about Raymala aha and Begimay to the beauty taken from the novel "Longer than a Century to Last Day" by Ch. Aitmatov in the XI class are considered. Materials are completely developed and recommended for application to teachers of school

**Keywords:** legend, artistic component, artistic character, ideal hero, skill, pedagogical skills.

Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы Раймалы ага жана Бегимай сулуу тууралуу уламыш өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Бул уламыш Эдигейдин Зарипага болгон сүйүүсү менен мазмундук жактан тыгыз байланышып турат. Адабиятчы А.Садыков айткандай, «ал – бир жагы өзүнчө идеялык-көркөмдүк жүк көтөргөн сюжеттик бутак, экинчи тараптан Эдигей менен Зарипанын сүйүү тарыхын толуктоого, күчөтүүгө көмөктөш көркөм компонент». [1. 218] Эдигейдин Зарипага болгон махабатын Бегимай, Раймалыларга байланыштырып талдоого келгенде, мугалим мына ушул өзгөчөлүктөрдү эске алышы керек.

Уламыштагы «Раймалы аганын Абдилхан инисине кайрылып айткан сөзүн» убагында Абуталип Куттыбаев Казангаптан жазып алып, анан бул үчүн да далай азап тартат.

«Кабатыр болбо, мен да билем, – деп ителги көз сөздү бөлө чапты. – Чет жакасын уккам. Алжыган картаң чал он тогуздагы жаш кызды сүйүп калат. Анын эмнеси жакшы? Бу Куттыбаевиң жалаң душман эмес, демек моралдык жагынан да бузулган неме турбайбы. Карасаң, жанагы былжыракты аябай тыкандап жазып алыптыр (2. 175. Мындан ары китептин бети көрсөтүлөт). Мына ушул жерден адабият мугалими текстти пайдаланып,

«Абуталиптин күнөөлөнүп, өлүм табышына себепчи болгон бул уламыш кептин маани-маңызын ачып берүүгө аракет кылат.

«Өткөн бир заманда даңкы алыска кеткен Раймалы аттуу акын болгон. Жаш курагы аш-тойлордо өтүп, өмүрү дүнүйө жыйган эмес. Ошондонбу, «Раймалынын бар болгон байлыгы колундагы домбра менен астындагы Сарала аты» деп азил сөз тараган. Жылдар өтүп, карылык да жете келди. Мына ошондо ой токтотуп караса, же үйдөн, же бүлөдөн жок, же короодо малы жок, же жыйнаган дүнүйөдөн жок, жалгыз экен. Ошондо иниси Абдилхан колуна алды».

«Раймалы ага эми карылыкты ырдачу болду, өлүмдү көп ойлочу болду. Ал күндөрү муңдуу, не бир улуу ырлар жаралды. Адам неге жаралат жарык дүйнөгө? – деген эзелки кеменгерлер баш катырып келген ой бош отурган чагында аны да ойлонтчу болду. Эми ал мурдагысындай эл кыдырып, аш-тойлордо жүргөндөн калды, көбүнесе жалгыз отуруп, муңдуу күүлөрдү чертет, өткөн өмүрүн көз алдынан чубатат же бу дүйнөнүн жалгандыгын сөз кылган карыялардын маегин байырлай турган болду» (253–254-б.).

Балким, ушу боюнча өлөр-өлгүчө тынч жашоо өткөрөр беле, ким билет? Бугу ашынып кеттиби, бир күнү Сараласын токунуп, бир чоң мааракеге жөнөп калды. Барган жеринде кадырлап тосуп алышты. Раймалы да «үлпөт тойго каалоосун айтып, батасын берип, аксакалга жарашчу салабаттуу сөздөн баштап отурду». Аңгыча эле колунда домбрасы бар бир кыз курбу-курдаштары болуп кирип, кадырман кишилерден ийилип кечирим сурап турду. Андан соң домбрасын бир кайрып алып, ырдап коё берди. Ырында жаш кыз Раймалыны эңсеп жүрүп жолугууга келгенин, жаштайынан анын ырын угуп, өзүн сүйгөнүн баян этти. Качан бойго жетер күнүн чыдамсыздык менен күтүп, мына эми «он тогуз жашка толгону алдыңызга келип турам, буурулуңуз сүйүүгө жолтоо болбойт, буурулу жок кер муруттар сизчелик купулга толбойт» (256-б.) – деди. Ысымы Бегимай экенин айтты. Раймалы аганын жаштыгы кайрадан келгендей болуп, татына селкинин сүйүүсүнө сүйүү менен жооп берди. Мында ал ооздон-оозго өтүп, кылымдарды карытып келаткан кадимки «Бегимай» аттуу ырын ырдады...

Раймалынын бул жоругу баарына эле жага бербеди. Өзгөчө Баракбай тукумунун

«жакшылары» жерге түкүрүп, иниси Абдилхандын кулагынын кужурун алышты:

«Карыган дөбөт эл көзүнө биздиминтип шылдың кылып жатса, сени келерки шайлоодо кантип болуштукка көрсөтөбүз, шерменде болбойбузбу. (258–259-б.).

Абдилхан «шайтандын өнөрүн салып, жолун жолдоп кеткени үчүн агасына мурда эле ачууланып жүрчү. Ачуусу мурдунун учуна келип, жаны кашайган ал «додолонгон топту жара кирип барып айкырды: «Эсиңе кел! Кет үйгө!» «Бирок мукамдуу ыр менен алек болгон агасы анын айкырыгын укпады, өзүн да көрбөдү. Калың атчандар жолду тосуп,

аны кайрадан сыртка сүрүп чыгарып салышты. Кимдир бирөөлөрдүн камчысы да тийди. Абдилхан чапкан бойдон кетти». Ал күнү Раймалы ага менен Бегимай чогуу дагы көпкө ырдашты. Эми алар эртеси жарманкеде да бирге ырдамак болушту:

« – Жарманкеде жолукканча, жарыгым Бегимай! Жарманкеде жолукканча, Раймалы агатай! (260-б.).

Раймалыны үйүнө кайтып барар менен чакыртышып: «Сүйүүңөн кайт, мындан ары эч жерде, эч качан ырдабайм, аш-тойду кыдырганды коём деп ант бергин! Абийириңди, агала сакалыңды, биздин абийирди унутуп, бүгүн уят-сыйытсыз ырларды ырдашкан алиги селкини биротоло таштайм деп ант бергин. Ант бергин! Экинчи аны көргөн көзүм кашайсын дегин!» (261-б.) деп жарга такашты. Анда Раймалы ага дагы күчөп ырдарын, кыз менен эми жарманкеде жолугарын айтты.

Мына ушундан соң бийлер, уруу аксакалдары аны киши катарынан чыгарып, кантип жазалоо жагын иниси Абдилхандын эркине коюшат. Раймалы өзүн соттоп жаткандардын өкүмүн түк да жаратпай, керек болсо жер оодарып кетерин билдирет.

«Жок, сен кетпейсиң! – деп Абдилхан ордунан обдула бакырып, агасынын колунан домбрасын жулуп алды. Токтоосуз жерге чаап сындырып, «кутурган бука алсыз уйчуну тебелегенсип, назик аспапты бычырата тепседи» (263-б.). Сыртта байлануу турган Сараланын ээр токумун жулуп алып, чамынды кылып балталап салды. «Жиндеп кеткен неме басмайыл, үзөңгү боо, куюшканды бырчалап кесип жиберди да, эки үзөңгүнү наркы бадалды карай эки бөлүп ыргытты» (263-б.). «Даяр турган жигиттер заматта Сараланы оңко-баш аттырып жыгып, төрт аягын кыл аркан менен чытырата бууп салышты. Абдилхан балбан колу менен Сараланын толгооч толгонгон үстүңкү эрдин толгой кармап, башын жерге тизелей ныгыра басып, аргасыз жаныбардын алкымына канжар урду» (263-б.). Раймалы: «Жөө-жалаңдап болсо да кетемин! Эмгектеп болсо да кетемин!» – деди эле, Абдилхан: «Жөө да кетпейсиң!» – деп өкүмүн чыгарып, акынды тигиндейирээкте өсүп турган кайыңга байлатып салат...

«Таңкы желге төбөсүнөн жалбырактар шуудурайт. Күн чыкты. Раймалы ага жинди болуптур дегенди угуп, коңшулаш айылдардан ачык ооз, сук көздөр жабалактап келишти. Аттан түшпөй тегеректеп турушту.

Акын болсо үстүндө кийими тытылуу, аркада колу таңылуу, кайыңга өзү байлануу турду. Таңылбай оозу бош эле, акын ошондо элде сакталып калган атактуу ырын ырдап турду…» (265-б).

Уламыш жөнүн окуучуларга түшүндүрүүдө Раймалы менен Бегимайга идеал каармандар катары баа берүүдөн абайлоо керек. Романда автор өзү да белгилеп кеткендей, «эл оозуна тараганы көпчүлүк Раймалы аганы жектейт. Ошондон ушу күнгө бу сүйүү тарыхынын жактоочулары да, жектөөчүлөрү да бар» (236-б.). Арийне, жүрөктүн тереңинен чыккан ар кандай таза сезим урматталып кабылданышы керек. Бирок анын моралдык жагын да унутпоо зарыл. Ооба, баарыбыздын жаңы эле бой жеткен, эркелетип өстүргөн татына кызыбыз, карындашыбыз, сиңдибиз, эжебиз бар, ошондой эле Раймалы теңдүү атабыз, чоң атабыз, кадырман карыябыз бар. Кылымдарды карыткан абийир, адеп-ахлак, улууга – урмат, кичүүгө – изаат деген түшүнүктөр баланын оюнчугу эмес. Улуу өз ордун, кичүү өз

ордун билүүсү керек. Болуптур, Бегимайга айла жок экен, небак жактырып жүрүптүр. А Раймалы Бегимай аны сүйгөнү үчүн гана сүйүп калып жатпайбы. Эгер Бегимай озунуп көңүл туюусун билдирбегенде, Раймалы ага ашык болорун кудай билет эле, мына ошон үчүн элдин көпчүлүгү анын жоругун жаратпай жектегени бир чети туура.

Сүйүү бул баарынан улук деп айтылат уламышта. Сүйүү карыны да, жашты да ылгабайт. Сүйүүнүн көзү сокур. Үй-бүлөсү, арзып кошулган аялы Үкүбала туруп, Бороондуу Эдигей башка бир аялды сүйүп, болгондо да чыныгы, мөлтүр булактай тунук, таза махабат сезими менен сүйүп калышы мүмкүн. Жеке эле Эдигей эмес, уламыш- баяндагы Раймалыга окшоп курагы келип калган кары киши жаңыдан бой тарткан жаш кызды жактырып, ошол эле учурда көргөндүн көз жоосун алган ал periште улгайган адамды купулуна толтуруп, чындап эле ашык болуп калышы ыктымал. Биз каалайбызбы же жокпу, жүрөктүн тээ түпкүрүнөн артезиан кудугунун суусу сымал типтик атырылган ар бир таза, тунук сүйүү сезимине урматтоо, түшүнүү менен мамиле кылуубуз керек. Мында кеп үй-бүлөлүү киши өз аялы, балдары менен кетишип, башка аялга үйлөнүүсүндө же жаш кыздын карыган чалга турмушка чыгуусунда эмес, кеп ошондой кыйын, татаал жагдайда да ар ким өзүнүн адамдык баркын сактай билишинде. Так мына ушул багыттан алып караганыбызда, Раймалы ырасында эле аксакал адамга ылайык келбеген ишке малынганы ачык көрүнүп турат. Анын каршысында Эдигей ошондой кыйын учурда да инсандык баркын сактай алган, адамгерчиликти, абийирди баарынан бийик туткан, ички дүйнөсү таза, түз жүргөн киши катары таасир калтырат.

«Кылым карытар бир күн» романындагы Раймалы ага менен Бегимай сулуу тууралуу уламышты мектептин XI классында окутууда так мына ушул сыяктуу адеп-ахлактык жагдайлар көңүлдүн борборунда турганы ылайык.

Пайдаланылган булактардын тизмеси
1. Садыков А. Кыргыз адабияты. – Ф.: Мектеп, 1990.
2. Айтматов Ч. 3 томдук чыгармалар жыйнагы. III том. – Ф., 1983.
Рецензенттер: Оторбаев Б.К. - педагогика илиминин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору
Кенжешев К.Д. - педагогика илиминин кандидаты, К.Карасаев атындагы БГУнун профессору